21-тиркеме

# "Зордук зомбулуксуз мектеп"программасы боюнча класстан тышкаркы иш-чаралардын методикалык колдонмосу

*Зомбулукка жол бербе!*





# КЫЛМЫШТУУЛУКТУН АЛДЫН

# АЛУУ ЖАНА ТУРЛӨРУ

## Кылмыштуулуктун алдын алуу жана турлору

Коомдук жана Мамлекеттик турмуштун укуктук негизин бекемдоо учун курош,олконун мыйзамдарын кыйшаюсуз аткарууну талап кылуу жалпы элдин камы, мыйзамдын аткарылышын гана талап кылуу аздык кылат. Тынымсыз уюштуруучулук тарбиялык, маданий иш жургузуу зарыл. Мыйзамдын аткарылышын гана узакка созулган тарбиялык иш жургузуу керек. Коомго зыяндуу кылмыштын болушуна негизги себеп айрыкча адам менен укук сезиминин томондугу, ошондой эле коомдун материал жана рухамий баалуулуктары жонундогу элдин тура эмес тушунугу. Ошондуктан укук тарбиясынын милдети окуучунун ан-сезимине укук нормаларынын талаптарын толук жеткизип, ал талаптар кундолук журуш- турушуна жол корсотуп, алардын инсандык касиетине айланып кетуусуно жетишуубуз зарыл. Укук нормаларына коомдогу акыйкаттык жонундогу тушунукко негизделет. Бул нормалар мамлекеттин, коомдун же жекече бироонун кызыкчылыгына тийгизген зыяны учун адам жоопкер экендигин белгилейт.

Жалпы кызыкчылар учун айрымдардын эркиндигин чектоо, бей-бечалардын укугун коргоо калыстыгы мейзамда чагылдырылууга зарыл. Ал нормалардын ар бир жаран сактоого милдеттуу. Адеп нормалары менен мыйзам нормалары ото жакын, алардын тупку маныз-мааниси бирдей. Мыйзамдын нормаларын деле адепсиз адамдар бузат. Адегенде инсандын адептик – эрктик касиети айырмаланып,бурмалана баштайт, анан ал айныган касиети бара- бара туруктуу адатка жана коз карашка айлана берет. Коомго зыяндуу максатта жана каражатты артык коруунү озунун озгочолугум деп эсептей баштайт. Укук бузуу акырындап системага айланат, андан ары кылмыш кылган адам деп калат. Кичинекей адепсиздиктин бара – бара чон кылмышкер пайда болот.Укук бузганга окуучуларда, адегенде, бурмаланган тушунук, билим, бурмаланган кызыгуу, талап, адамдарга коомдук баалуулуктарга карата да мунозлуу. Окуучулардын адептик жана укуктук ан- сезимдин айнуусунун башаты кобунчо уй- булодо башталат. Уй- булодо балдарынын бузулушуна андагы чон адамдын инсандык касиетинин кедери кетишин (араккечтик, мушташ, соттолуш ) гана эмес,сыртынан байкалбаганы менен уй – булонун шуйкумунун бузуктугу, опсуз ачкоз сарандык. Ар кандай

уят – сыйытты жыйыштырып коюп эптеп болунун жолун издоо. Бул атмосфера адегенде баланын окууга жана эмгекке жасаган мамлесин бузат, акырындык менен эмгекти жек коро баштайт.

Ошентип акырындык менен оз талабын канаттандырыш учун нормасын бузууга уйронот. Андай балдар туура жургон окуучуну алардын тобунан четей баштайт. Бузук чойродогунун пикирин андай балдар ата – энесинин, мугалимдин жакшы жургон окуучулардын пикиринен ойдо, баалуу корушот. Балдар кылган кылмышы канчалык катту, аны жасоодогу мыкаачылык, наадандык, жырткычтык канчалык коп болсо, уй – булонун интектуалдык , эстетикалык нравалык кызугуулары жана талаптары ошончолук жарды. Кээ бир ата- энелер озунчо тузук эле адамдардай корунгону менен балдарынын кантип жашап, чоноюп жатышканын билишпейт. Мектеп окуучуларын туура жолго тушусунун алдын алуу учун:

- Балдардагы укук нормаларын бузууга оболго тузуучу жашоо, окуу куралын балдардын ага ылайык журуш – турушукалыштана электе жоюу.

Окуучулардын жашоо, тарбиялануу шарттарын жакшыртып, жаман журуштorго жол койбоо.

- Укук коргоо органдарынын конулун озуно буруп алган балдар менен туруктуу, максатка ылайык иш жургузуу.
- Укук нормаларын дайыма бузуп, эми кылмыш кылууга жетейин деген балдардын арасында укук тарбиясына ботончо конул болуу
- Турдуу кылмыш иштерин жасап коюп, ар кыл себеп менен балдар жамаатынан болунбой калган окуучулар менен терен ойлонушуп уюштурунун озгочо тартип иштерди ото кылдаттык менен жургузуу. Бул иштерди коргозмо учун эмес, чын ыклас менен астейдил уюштуруп, ал иштердин аткарылуусуна ошол окуучулардын оздорун активтуу катыштыруу, жолдоруу менен окуучунун укук нормаларын бузуларынын жана турдуу кылмышка баруларынын алдын алса болот.

**Кылмыш – жаза мыйзамда каралган коомго коркунучтуу, кунолуу жана жазалануучу жоосун (аракет же аракетсиз) кылмыш катара таанылат.** (КР КЖКнын 18 –ст.)

Кылмыш турлору боюнча томондогудой болуп болунот:

- Чон коркунуч келтирбеген кылмыштар
- Анча оор эмес кылмыштар
- Оор кылмыштар

- Озгочо оор кылмыштар
- Онокот кылмыштар

Кылмыш жасаганга чейин он алты жашка толгон адам кылмыш - жаза жоопкерчилигине тартылат.Ал эми он торт жашка толгондор томолку кылмыштын турлору боюнча жоопкерчиликке тартылат:

- Адам олтуру
- Ден соолукка атайлап оор залал келтируу
- Ден соолукка атайлап анча оор эмес залал келтируу
- Адам урдоо
- Зордуктоо
- Сексуалдык муноздогу зомбулук аракеттер
- Урдоо
- Тоноо
- Каракчылык
- Опузалап алып коюу.
- автомотранспортордү, анын каражатын укуксуз ээлеп алуу.
- órттоо, мулкту жок кылуу
- терроризим
- барынтага кормоо
- хулиганчылык
- вандализм
- куралдорды мыйзамсыз сактоо
- Банги заттарды мыйзамсыз сактоо, сатып алуу, даярдоо.
- транспорт каражаттарын же жол катнашын жараксыз абалга келтируу.

Кылмыш жасалган учурда он сегиз жашка толбосо жашы жете элек деп эсептелет. Кылмыш жасаган жашы жетпегендерге жаза берилет же болбосо тарбиялык таасир беруунун мажбурлоочу чаралары кондонулат. Жаш оспурум кылмыш жасаганда аларга томонкудой жаза колдонулат:

- айып толом
- камакка алуу
- эркиндигинен ажыратуу

Он сегиз жашка чейинки куракта кымыш жасаган оспурумго эркиндигинен ажыратуу:

- анча оор эмес кылмыш учун - 3 жыл
- оор кылмыш учун - 5 жыл
- озгочо оор кылмыш учун - 10 жыл

# Ст. 234 – ХУЛИГАНЧЫЛЫК

1. Хулиганчылык, башкача айтканда, зомбулук же зомбулук корсотом деп коркутуу. Ошого тете мулкту жок кылам же зыянга учуратам деп коркутуу менен коштолгон. коомдук тартипти же жалпыга бирдей журуш- туруш нормаларын одоно бузган карасанатайлык аракеттер жасалганда. –

Эн аз айлык акынын жузго чейинки олчомундо айып толом салынат. Болбосо жуз жыйырмадан жуз сексен саатка чейинки моонотко коомдук иштерге тартылат, же алты айга чейинки моонготко камакка алынат. Болбосо эки жылга чейинки моонотко эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Хулиганчылык;

1. адамдардын тобу тарабынан;
2. алдын ала бутум боюнча адамдардын тобу же уюмдашкан топ тарабынан жасалганда ;
3. жаш балдарды, кары – картандарды, майыпты же алсыз абалда болгон адамды мазактоо менен коштолгондо;
4. башка бироонун мулкуно атайын олутту зыян келтируу, анны жок кылуу же зыянга учуратуу менен коштолгоДо, – беш жылга чейиинки моонотко эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Хулиганчылык :

1. бир нече жолу жасалганда;
2. курал колдонуу же курал – жарак, болсо курал катары найдалануучу нерселерди колдоном деп коркутуу менен коштолгондо;
3. коомдук тартипти Коргоо боюнча милдетин аткарып жургон бийлик окулуно, болбосо башка адамга, же коомдук тартиптин бузулушуна богот койгон адамга каршылык корсотуу менен байланышта жасалганда, торт жылдан жети жылга чейинки моонотко эркиндегинен ажыратууга жазаланат.

Бекитемин

Мектеп директору 22.12.2021ж______________ М.Парпиев.

Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын 2021-жылдын 30-октябрындагы №8 сандуу Коллегиялык отурумунун протоколунун негизинде,билим берүү мекемелеринде турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлө жана балдарды табууда иш алып баруусу жөнүндө 2021-ж.20-декабрь №683 буйругун аткаруу үчүн №54 Т.Сарыков атындагы орто мектебинин Соц педагогу Р.Ураимованын түзгөн иш-чарасы

| № | Иш чаранын аталышы | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө жана балдарга социалдык колдоо көрсөтүү жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | 21.12.2021 | Соц педагог Р.Ураимова,класс жетекчилер. |
| 2 | Мигрант ата-энелердин балдарынын так эсебин алуу,алардын укуктарын жана коопсуздугун камсыз кылуу | 22.12.2021 | Соц педагог Р.Ураимова.класс жетекчилер. |
| 3 | Мектептеги балдар арасында үйдөн качуунун,дайынсыз жоголуунун алдын алуу жана зордук зомбулуктан коргоо боюнча иш чараларды уюштуруу | 23.12.2021 | Соц педагог Р.Ураимова.класс Жетекчилер |
| 4 | Ар бир класстын класс жетекчилери окуучуларды күндө жоктоп сабака келбеген окуучулар жөнүндө маалымат алып туруу жана группаларда окуучунун ата-энелери менен байланышып үйлөрүнө жеткен,жетпегени жөнүндө кабарлашып туруу | Ар дайым | Класс жетекчилер |

Соц педагог: Р.Ураимова.

Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын 2021-жылдын 30-октябрындагы №8 сандуу Коллегиялык отурумунун протоколунун негизинде,билим берүү мекемелеринде турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлө жана балдарды табууда иш алып баруусу жөнүндө 2021-ж.20-декабрь №683 буйругун аткаруу үчүн №54 Т.Сарыков атындагы орто мектебинин Соц педагогу Р.Ураимованын жазган маалыматы.

1.Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө жана балдарга социалдык колдоо көрсөтүү жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

2.Мигрант ата-энелердин балдарынын так эсеби алынды,алардын укуктарын жана коопсуздугун камсыз кылуу жагы класс жетекчилерге милдеттендирилди.

3.Мектептеги балдар арасында үйдөн качуунун,дайынсыз жоголуунун алдын алуу жана зордук-зомбулуктан коргоо чаралары көрүлдү.

4.Ар бир класстын класс жетекчилерине окуучуларды күндө жоктоп,сабакка келбеген окуучулар жөнүндө маалымат алып туруу жана ар бир класстын группаларындагы ата-энелер менен байланышып үйлөрүнө жеткен,жетпегени жөнүндө кабарлашып туруусу класс жетекчилерге тапшырылды.

Маалыматты жазган: Р.Ураимова.


АСТРОНОМИЯ
АЙДЫН ФАЗАЛАРЫНЫН АЛМАШУУЛАРЫ
REDMI NOTE 9
AI QUAD CAMERA


Алыкул Осмонов
REDMI NOTE 9
AI QUAD CAMERA

**Т.Сарыков атындагы №54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекмесинин**

***"Укук бузуучулук жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча түзүлгөн планы"***

**Мектептин миссиясы:** ***"Заманбап технологияларды колдонуу менен окуучуларга үзгүлтүксүз билим, тарбия берүү аркылуу,азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү ,ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо".***

"Бекитемин"

Мектеп директору: ____________ М.Парпиев

**Т.Сарыков атындагы №54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекемесинин**
**«Өспүрүмдөр арасындагы укук бузууларды жана кылмыштуулуктун алдын алуу» боюнча түзгөн иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча «Алдын алуу кенешин» түзүү боюнча буйруктун негизинде иш план түзүү | Сентябрь | Буйруктар, иш чаралар | Буйруктун аткарылышы колго алынат |
| 2 | Класстын социалдык паспортун түзүү | Сентябрь | Социалдык паспорт | Окуучулардын социалдык абалы аныкталат |
| 3 | Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ата-энелер, жашы жете электер арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Ар дайым | Иш пландар | Кылмыштуулуктун алдын алуучу иш чаралар жүргүзүлөт |
| 4 | Тарбиясы оор, кароосуз калган окуучулардын тизмесин тактоо жана аларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | Октябрь | Тизмелер, пландар | Кароосуз калган жана тарбиясы оор балдар менен иш жүргүзүлөт |
| 5 | «Сен жана сенин укугуң» тегерек стол | Октябрь | Тегерек столдун планы | Балдар укуктары жана милдеттери жөнүндө маалымат алышат |
| 6 | «Биз мектеп рекетчилигине каршыбыз» акция, диспут сабак | Ноябрь | Диспуттун планы | Укук бузуулардын алдын алуучу иштер жүргүзүлөт |
| 7 | Жолдо жүрүүнүн эрежелери менен иштөөчү ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери менен бирге рейд уюштуруу жана жыйынтыгын чыгаруу | Убагында | Рейд жүргүзүүнүн графиги | Рейд уюштурулуп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт |
| 8 | «Тамекинин зыяндуулугу» тарбиялык сабак | Декабрь | Сабактын иштелмеси | Тарбиялык сабак өткөрүлөт, балдарга түшүнүк берилет |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9 | Мектептен сырткаркы убактагы окуучулардын жүрүм туруму тууралуу | Ар дайым | Докладдар | Окуучулардын жүрүм туруму көзөмөлгө алынат |
| 10 | ЖӨИнин кызматкери менен жолугушууларды уюштуруу | График боюнча | Тактталган график | Жолугушуулар өтөт |
| 11 | «Өспүрүмдөр кылмыштуулукка каршы» аттуу коомчулуктун өкүлдөрүнүн, айыл имамы, ЖӨИнин кызматкери, ФАП кызматкерлери, ата – энелердин катышуусунда тегерек стол уюштуруу | Январь | Сабактын иштелмеси | Кылмыштуулуктун жана укук бузуучулук боюнча түшүнүшөт, коомчулуктун көңүлүн өспүрүмдөрдүн тарбиясына буруу каралат |
| 12 | Тарбиясы оор, кароосуз калган окуучулар арасында иш жүргүзүү | Ар дайым | Социалдык паспорт | Түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт, ата энелер менен сүйлөшүүлөр жүрөт |
| 13 | «Баңгилик жана аракечтик деген эмне» ФАП кызматкерлери жана ЖӨИнин кызматкерлери менен биргеликте талкуу уюштуруу | Февраль | Жолугушуунун планы | Баңгилик жана аракечтиктин зыяндуулугу тууралуу маалымат берилип, алдын алуу иш чаралар жургүзүлөт |
| 14 | «Улууга урмат, кичүүгө ызаат» кереге гезиттер сынагын уюштуруу | Март | Кереге гезиттер | Үлгүлүү жүрүм турумга үндөгөн лозунгдар, кереге гезиттер чыгарылат |
| 15 | Тентек, же ар кандай адепсиз ишке жөндөмдүү, сабакты көп калтырган окуучулар менен иш алып баруу. Үйлөрүнө рейддерди жургузуу .Ата-энелери менен иш алып баруу | Дайыма | Көзөмөл дептерлер, рейд, ата-эне менен байланыш дептерлер, келишим, тил каттар | Тентек балдар адептүүлүккө тарбияланат, сабакты көп калтырбай калат, ата-энелер менен байланыш түзүлөт |
| 16 | Маданий массалык спорттук иш чаралар аркылуу “Кылмыштуулукту болтурбайбыз” ураанынын алдында “Мыкты спорттук класс” мелдешине катышуу | Май | Спорттук инвентарлар, иш-чаралардын планы | Спорттук иш чаралар өткөрүлөт. Окуучулар бош убактыларында спорт менен машыгуу адатка айланат |

Түзгөн ТИУ: А.Орозова

## V БӨЛҮМ
## ЖАШЫ ЖЕТПЕГЕНДЕРДИН КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖООПКЕРЧИЛИГИ

### 14-Глава
### Жашы жетпегендердин кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү

**77-статья. Жашы жетпегендердин кылмыш-жаза жоопкерчилиги**

(1) Кылмыш жасалган учурда он сегизге толбогон адамдар жашы жетпегендер деп табылат.

(2) Кылмыш жасаган жашы жетпегендерге жаза берилет же болбосо тарбиялык таасир берүүнүн мажбурлоочу чаралары колдонулушу мүмкүн.

**78-статья. Жашы жетпегендерге колдонулуучу жазанын түрлөрү**

(1) Кылмыш жасаган жашы жетпегендерге жазанын төмөнкүдөй түрлөрү гана колдонулушу мүмкүн:

1) коомдук жумуштар;

2) айып;

*3) (КР 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*4) (КР 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

5) эркиндигин чектөө;

6) эркиндигинен ажыратуу.

(2) Эгерде жашы жетпеген соттолгонго шарттуу соттоо дайындалса, сыноо мөөнөтүнүн ичинде анча оор эмес жаңы кылмыш жасаса, сот иштин жагдайын жана айыптуунун инсандыгын эске алуу менен жаңы сыноо мөөнөтүн белгилеп жана ушул Кодекстин 63-статьясынын төртүнчү бөлүгүндө каралган белгилүү милдеттерди аткарууну шарттуу соттолгондун мойнуна жүктөп, шарттуу соттоо жөнүндө кайрадан чечим кабыл алалат.

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы № 91, 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**79-статья. Жашы жетпегенге жаза белгилөө**

(1) Жашы жетпегенге жаза белгилөөдө ушул Кодекстин 53-статьясында каралган жагдайлардан тышкары, анын турмушу менен тарбия шарттары, психикалык өнүгүшүнүн деңгээли, инсандык башка өзгөчөлүктөрү, ошондой эле ага жашы улуулардын таасири эске алынат.

(2) Жеңилдетүүчү жагдай катары жашы жете элек курак жеңилдетүүчү жана оордотуучу башка жагдайлар менен бирге чогуу эске алынат.

**80-статья. Жашы жетпегендерге дайындалуучу коомдук жумуштар**

Коомдук жумуштар кырк сааттан жүз жыйырма саатка чейинки мөөнөткө дайындалат, жашы жетпегендин колунан келе турган жумуштарды аткарууну билдирет жана ал аны окуудан же негизги ишинен бош убакта аткарат. Жазанын мындай түрүн он төрт жаштан он алты жашка чейинки куракдагы адамдардын аткаруусунун узактыгы бир күндө эки сааттан, ал эми он алтыдан он сегиз жашка чейинки адамдарга бир күндө - үч сааттан ашпоосу тийиш.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**80-1-статья. Жашы жетпегенге дайындалуучу айып**

(1) Айып он алты жашка чыккан жашы жетпегенге карата колдонулат. Айып жыйырмадан отузга чейинки эсептешүү көрсөткүчтөрүнүн өлчөмүндө белгиленет.

(2) Айып жашы жетпеген соттолгон адамдын өз алдынча эмгек акысы же өндүрүп алууга айландырыла турган мүлкү болгондо гана дайындалат.

Жашы жетпегенге дайындалган айып соттун чечими боюнча анын ата-энелери же башка мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан төлөнүшү мүмкүн.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**80-2-статья. Жашы жетпеген адамга дайындалуучу түзөтүү жумуштары**

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**80-3-статья. Жашы жетпегендин эркиндигин чектөө**

Анча чоң эмес же анчейин оор эмес кылмыш жасаган он алты жашка чейинки жашы жетпегенге алты айдан бир жылга чейинки мөөнөткө, он алты жаштан он сегиз жашка чейинки куракдагыларга - бир жылдан үч жылга чейин эркиндигин чектөө дайындалат.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**81-статья. Жашы жетпегенди камакка алуу**

*(КР 2007-жылдын 25-июнундагы № 91 Мыйзамына ылайык алынып салынды)*

**82-статья. Жашы жетпегенге эркиндигинен ажыратууну белгилөө**

(1) Он сегиз жашка чыкканга чейин кылмыш жасаган адамды эркиндигинен ажыратуу мөөнөтү төмөндөгүдөн ашпайт:

1) анча чоң эмес кылмыш үчүн - бир жылдан;

2) анчейин оор эмес кылмыштар үчүн - үч жылдан;

3) оор кылмыш үчүн -беш жылдан;

4) өзгөчө оор кылмыш үчүн - он жылдан.

(2) Кылмыштар же өкүмдөр жыйындысы боюнча жаза белгилөөдө эркиндигинен ажыратуунун жогорку мөөнөтү он жылдан ашпоого тийиш.

(3) Эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза он алты жашка чейин чоң

коркунуч келтирбеген кылмыш же анчейин оор эмес кылмышты биринчи жолу жасаган жашы жете элек соттолгон адамга, ошондой эле чон коркунуч келтирбеген кылмыштарды биринчи жолу жасаган калган жашы жетпеген адамдарга дайындалышы мүмкүн эмес.

*(4) (КР 2012-жылдын 31-июлундагы № 145 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

(5) Өкүм чыгарылган учурда он сегизге чыга элек жашы жетпегендерге эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны жалпы же күчөтүлгөн тартиптеги тарбиялык абактарда өтөө белгиленет.

(6) Тарбиялык абактарда жаза өтөө:

1) биринчи жолу эркиндигинен ажыратууга соттолгон, жашы жетпеген эркек балдарга, ошондой эле жашы жетпеген кыздарга - жалпы тартиптеги абактарда;

2) мурда эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазасын өтөгөн, жашы жетпеген эркек балдарга, - күчөтүлгөн тартиптеги абактарда өтөө белгиленет.

(7) Жасалган кылмыштын мүнөзүнө жана коомдук коркунучтуулук деңгээлине, күнөөкөрдүн инсандыгына жана иштин башка жагдайларына жараша сот тарабынан кабыл алынган чечимдин жүйөлөрүн көрсөтүү менен соттолгон жашы жетпеген эркек балдарга эркиндигинен ажыратууну - жалпы тартиптеги тарбиялык абактарда өтөө белгилениши мүмкүн.

(8) Он төрттөн он алты жашка чейинки курагында соттолгон жашы жетпеген адамга оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындаганда ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн тийиштүү статьясында каралган жазанын төмөнкү чеги жарымына кыскартылат.

*(КР 2003-жылдын 24-августундагы № 199, 2007-жылдын 25-июнундагы № 91 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**83-статья. Тарбиялык таасир тийгизүүчү мажбурлоо чаралары**

(1) Эгерде, анын оңолуп-түзөлүшүнө тарбиялык таасир тийгизүүчү мажбурлоо чараларын колдонуу менен жетишүүгө мүмкүн деп табылса, биринчи жолу чоң коркунуч келтирилбеген кылмыш, же анча оор эмес кылмыш жасаган жашы жетпеген өспүрүм кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулушу мүмкүн.

(2) Жашы жетпеген өспүрүмгө төмөндөгүдөй мажбурлоо чаралары:

1) эскертүү;

2) ата-энесинин же аларды алмаштырган адамдардын, же болбосо балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн көзөмөлүнө берүү;

3) жашы жетпеген өспүрүмдүн бош убактысын чектөө жана жүрүм-турумуна карата өзгөчө талаптарды белгилөө дайындалышы мүмкүн.

(3) Жашы жетпеген өспүрүмгө бир эле мезгилде тарбиялык таасир тийгизүүчү бир нече мажбурлоо чаралары дайындалышы мүмкүн. Ушул статьянын экинчи бөлүгүнүн 2 жана 3-пункттарында каралган тарбиялык таасир берүүчү мажбурлоо чараларын колдонуу мөөнөтү анча чоң коркунуч келтирбеген кылмыш жасаганда бир айдан эки жылга чейинки узактыкта жана анчейин оор эмес кылмыш жасаганда - алты айдан үч жылга чейин белгиленет.

(4) Жашы жетпеген өспүрүм тарабынан тарбиялык таасир тийгизүүчү мажбурлоо чараларын аткарбоо үргүлжүкө айланган учурда, жашы жете электердин иштери боюнча комиссиянын сунушу боюнча бул чара бузулат жана материалдар жашы жетпегенди кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу үчүн жөнөтүлөт.

*(КР 1998-жылдын 21-сентябрындагы № 124, 2007-жылдын 25-июнундагы № 91, 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**84-статья. Тарбиялык таасир тийгизүүчү мажбурлоо чараларынын мазмуну**

(1) Эскертүү - жашы жетпегенге анын жосуну келтирген зыянды жана ушул Кодексте каралган кылмыштарды кайталап жасоонун кесепеттерин түшүндүрүүнү билдирет.

(2) Көзөмөлгө берүү ата-энесине же аларды алмаштырган адамдарга, же болбосо ички иштер органдарынын жашы жете электердин иштери боюнча инспекциясына же жашы жете электердин иштери боюнча комиссияга жашы жетпегенге тарбиялык таасир берүү жана анын жүрүм-турумуна контролдук кылуу милдеттерин жүктөөнү билдирет.

(3) Жашы жетпегендин бош убактысын чектөөдө жана жүрүм-турумуна карата өзгөчө талаптарды белгилөөдө белгилүү жерлерге барууга, эс алуунун белгилүү түрлөрүн, анын ичинде механикалык транспорт каражаттарын башкарууга байланышкан түрлөрүн пайдаланууга тыюу салууну, сутканын белгилүү убактысынан кийин үйдөн сыртта болууну, жашы жете электердин иштери боюнча комиссиянын уруксатысыз башка жерге барууну чектөө каралышы мүмкүн. Жашы жетпегенге ошондой эле билим берүү мекемесине кайтып келүү же болбосо жашы жете электердин иштери боюнча комиссиянын жардамы менен ишке орношуу талабы коюлушу мүмкүн.

Бул тизме толук тизме болуп эсептелбейт.

**85-статья. Жашы жетпегенди жазадан бошотуу**

(1) Чоң коркунуч келтирбеген кылмыш же анча оор эмес кылмыш жасоо үчүн соттолгон жашы жетпеген, ушул Кодекстин 83-статьясынын экинчи бөлүгүндө каралган тарбиялык таасир тийгизүүчү мажбурлоо чараларын колдонуу менен сот тарабынан жазадан бошотулушу мүмкүн.

(2) Эгерде анча оор эмес кылмыш жасоо үчүн соттолгон жашы жетпеген өспүрүмдү жашы жетпегендер үчүн атайын тарбиялоо же дарылоо-тарбиялоо мекемесине жайгаштыруу жолу менен жазалоонун максатына жетишүүгө мүмкүн деп табылса, ал сот тарабынан жазадан бошотулушу мүмкүн. Мында көрсөтүлгөн мекемеде болуунун мөөнөтү жашы жетпеген өспүрүм жасаган кылмыш үчүн ушул Кодексте каралган эң чоң жазанын мөөнөтүнөн ашпоого тийиш.

**86-статья. Жашы жетпегенди мажбурлоо чараларын колдонуу менен жоопкерчиликтен же жазадан бошотуу**

(1) Эгерде жасалган кылмыштын мүнөзүн, айыпкердин инсанын жана иштин башка жагдайларын эске алуу менен жаза колдонбой эле анын оңолуп-түзөлүшү мүмкүн болсо, сот материалдарды балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кароосуна берүү менен чоң коркунуч келтирбеген кылмышты биринчи жолу жасаган жашы жетпегенди жоопкерчиликтен бошотушу мүмкүн.

(2) Биринчи жолу чоң коркунуч келтирбеген кылмыш жасаган жашы жетпегенге карата, ушул статьянын биринчи бөлүгүндө каралган негиздер болсо, сот аны жазадан жана мажбурлоо чараларын колдонуудан бошото алат.

(3) Жашы жетпеген жаш курактык жагынан өнүгүүдө олуттуу артта калып, жасаган жосундун маанисин толук ченемде андап билүү жөндөмдүүлүгүнөн ажыраган болсо, сот жазанын ордуна мажбурлоочу чараларды колдоно алат.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**87-статья. Жашы жетпегенди жазадан мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу**

Эркиндигинен ажыратуу, коомдук жумуштар жана эркиндигин чектөө түрүндө жаза өтөп жаткан жашы жетпегендерге жазадан мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу колдонулушу мүмкүн.

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**87-1-статья. Жазаны кыйла жеңил жазага алмаштыруу**

*(КР 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**88-статья. Эскирүү мөөнөттөрүнүн өтүшүнө байланыштуу жашы жетпегенди кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же жазадан бошотуу**

Жашы жетпеген куракта кылмыш жасаган адамдарды эскирүү мөөнөттөрүнүн өтүшүнө байланыштуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же жазадан бошотуу, жетилген куракта кылмыш жасаган адамдар үчүн каралгандан эки эсе аз мөөнөттөрдү колдонуу менен жүргүзүлөт.

**89-статья. Жашы жетпеген куракта соттолгондордун соттуулугун жоюу**

Он сегиз жашка чыкканга чейин кылмыш жасаган адамдар үчүн ушул Кодекстин 76-статьясында каралган соттуулугун жоюунун мөөнөттөрү кыскартылат жана тийиштүүлүгүнө жараша:

1) чоң коркунуч келтирбеген кылмыш үчүн эркиндигинен ажыратууну өтөгөндөн кийин эки жылга;

2) анча оор эмес кылмыш үчүн эркиндигинен ажыратууну өтөгөндөн кийин үч жылга;

3) оор кылмыш үчүн жазаны өтөгөндөн кийин - беш жылга;

4) өзгөчө оор кылмыш үчүн жазаны өтөгөндөн кийин - жети жылга барабар болот.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИ

*(2017.02.08.* **өзгөртүүлөр жана толуктоолор** *менен)*

*КР 2017-жылдын 24-январындагы № 10* **Мыйзамына** *ылайык 2019-жылдын 1-январынын тартып күчүн жоготот*

*КР 1997-жылдын 1-октябрындагы № 69* **Мыйзамы** *менен күчүнө киргизилген*

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган
1997-жылдын 18-сентябрында

## Жалпы бөлүк

**I Бөлүм. Кылмыш-жаза мыйзамы**
**1-Глава. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин милдеттери жана принциптери (1-4-статьялары)**
**2-Глава. Кылмыш-жаза мыйзамынын колдонулуш чектери (5-7-статьялары)**
**II Бөлүм. Кылмыш**
**3-Глава. Кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү (8-16-статьялары)**
**4-Глава. Кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылуучу адамдар (17-21-статьялары)**
**5-Глава. Күнөө (22-25-статьялары)**
**6-Глава. Аякталган жана аякталбаган кылмыштар (26-29-статьялары)**

7-Глава. Кылмышка шериктеш болуу (30-35-статьялары)
8-Глава. Жосундун кылмыштуулугун жокко чыгаруучу жагдайлар (36-40-статьялары)
III Бөлүм. Жаза
9-Глава. Жазанын түшүнүгү жана максаттары. Жазанын түрлөрү (41-52-статьялары)
10-Глава. Жаза белгилөө (53-64-статьялары)
IV Бөлүм. кылмыш-жаза жоопкерчилигинен жана жазадан бошотуу
11-Глава. Кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу (65-67-статьялары)
12-Глава. Жазадан бошотуу (68-73-статьялары)
13-Глава. Мунапыс. Кечирим берүү. Соттуулук (74-76-статьялары)
V Бөлүм. жашы жетпегендердин кылмыш-жаза жоопкерчилиги
14-Глава. Жашы жетпегендердин кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү (77-89-статьялары)
VI Бөлүм. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу жана башка чаралар
15-Глава. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу жана башка чаралар (90-96-статьялары)

## Өзгөчө бөлүк

VII Бөлүм. Инсанга каршы кылмыштар
16-Глава. Өмүргө жана саламаттыкка каршы кылмыштар (97-122-статьялары)
17-Глава. Инсандын эркиндигине, ар-намысына жана кадыр-баркына каршы кылмыштар (123-128-статьялары)
18-Глава. Инсандын жыныстык кол тийгистигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар (129-133-статьялары)
19-Глава. Адамдын жана граждандын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине каршы кылмыштар